# *Кесиптик уюмдун милдети.*

*Профсоюздардын эң башкы милдети-өз мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо болуп эсептелет.*

*Мектепте профком эмне иш аткарат? Профком профсоюздук кайра шайлоо чогулушунда шайланат.Профсоюз мүчөлөрү,мугалимдер коллективи зор ишеним көрсөтүп шайлагандыктан,профком ошол коллективдин социалдык-экономикалык,эмгектик,закондуу укуктарын коргоо үчүн күрөшөт. Профком мектептин директору,айыл өкмөт жана профсоюз уюмунун ортосунда үч тараптуу келишим,мектептин чарба иштери боюнча директордун орун басары менен,кабинет башчылары менен эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздукту сактоо боюнча келишимдерди түзөт.*

*Мектип администрациясы менен келишим түзүүдө эмгек режими,эмгек акынын өлчөмү жана түрлөрү,эмгекти коргоо шарттары эске алынуусу керек.*

*Профком түзүлгөн келишимдин аткарылышына түздөн-түз көзөмөл жүргүзөт.*

*Профком өзүнүн мүчөлөрүн майрам жана дем алыш күндөрү өздөрүнүн макулдугу жок иштетпөөгөукугу бар.*

*Профсоюз мүчөлөрүн эч негизсиз жумуштан-жумуш берүүчү тарабынан бошотулушуна жол бербөөгө укуктуу.Эгерде иштен бошотуу штаттын кыскаргандыгына байланыштуу болсо,анда жумуш берүүчүдөн компенсация талап кыла алат.*

Профком өзүнүн компетенциясынын чегинде эмгекке жарамсыздык боюнча пособиелердин төлөнүшүнө көзөмөл жүргүзөт.Оорулардын учетун алып,учурунда курортторго,санаторияларга баруу үчүн путевка алууга көмөк көрсөтөт.

Профком жумуш берүүчүгө эмгек шарттарын өркүндөтүү,жакшыртууга багытталган чараларды көрүү боюнча суеуштарды киргизет.

Профком өзүнүн мүчөлөрүнүн закондуу укуктарын жана кызыкчылыктары четке кагылган болсо, профсоюздук чогулуштун чечими менен иш таштоо,митинг уюштурууга укугу бар.

Мектпетин ичинде прфсоюз мүчөлөрүнүн бош убактысын туура пайдаланууда ар кандай маданий-массалык иш чараларды: пенсияга узатуу, кесиптик майрамдарды белгилөө"Ыр кесе" жана башка салтанаттуу кечелерди уюштурат.

Ошондой эле спорттук мелдештерди,тегерек стол,жолугушуу кечелерин,диспут,жаш мугалимдерге усулдук жаржамдарды уюштурат.

**Прфсоюздар эмгекчилерди коргойт!**

**Мыйзам профсоюздарды коргойт!**